**Диссертациялык кеңештин экспертинин**

# КОРУТУНДУСУ

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык), маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д 09.22.657 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, философия илимдеринин доктору Алымкулов Марат Сапарбекович изденүүчү Акматова Гульнара Эргешовнанын 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Ааламдашуу шартындагы жаш муундардын эстетикалык табитин калыптандыруу маселери" аттуу темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. **Диссертациялык кеңеште коргоону өткөрүү укугу берилген иштин адистигинин ылайык келүүсү.**

Г.Э.Акматованын **"Ааламдашуу шартындагы жаш муундардын эстетикалык табитин калыптандыруу маселери"** аттуу темадагы кандидаттык диссертациялык иши Д 09.22.657 диссертациялык кеңешинин профилине ылайык келет.

09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча жазылган "Ааламдашуу шартындагы жаш муундардын эстетикалык табитин калыптандыруу маселери" аттуу диссертациялык иште жаш муундардын эстетикалык табитинин калыптануу маселерине, эстетикалык табиттин маңызына жана социалдык механизмдерине изилдөө жүргүзүлгөн.

2. **Диссертациянын негизги максаты** болуп ааламдашуу шартында өсүп келе жаткан муундардын эстетикалык табитин калыптандыруу маселелерин социалдык-философиялык талдоо саналат.

1) эстетикалык тарбиянын маңызын ачып берүү жана анын негизги категорияларын аныктоо;

2) эстетикалык тарбиянын негизги категориясы болуп саналган «эстетикалык табит» түшүнүгүн талдоого алуу;

3) өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоонун башкы фактору болуп саналган кийим-кечекти талдоого алуу;

4) заманбап ааламдашуу процессинин жана мода индустриясынын шарттарындагы эстетикалык маданияттын калыптануусунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

5) эстетикалык тарбиялоодогу кыргыз салттуу кийиминин ролун аныктоо;

6) ааламдашуу жана массалык маданият доорундагы кыргыз улуттук кийиминин эволюциясын, эстетикалык түшүнүктөрүнүн жана табитинин өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Изилдөөнүн **объектиси** болуп жаш муундардын эстетикалык табитинин калыптануусу саналат, ал эми **предмети** болуп эстетикалык табиттин маңызы жана социалдык механизмдери эсептелет.

**Теманы изилдөөнүн актуалдуулугу.** Ааламдашуу процесси менен аныкталуучу азыркы маданияттагы кырдаал социалдык болмуштун экономикалык, саясий жана руханий детерминанттарынын терс өзгөрүүсү, жаңы интеллектуалдык багыттарды иштеп чыгуу, маданий шайкештикти издөө менен байланышкан. Болуп жаткан өзгөрүүлөр инсандын идентификациясынын ыкмалары алмашкан учурда баалуулуктук аң-сезимдин бир тараптуулугун пайда кылат. Коомдун өнүгүүсүнүн заманбап этабында руханий жактан өнүккөн инсан маселеси курч бойдон турат. Ааламдашуу процесси иш жүзүндө бардык планетанын масштабында жеке маалыматтык мейкиндикти түзүп, бир жагынан, инсан үчүн шарттарды түзсө, экинчи жагынан нукура улуттук маданий өзөктөн оолак болуп, аны «түзүп» эле тим болбостон, массалык маданият менен алмаштырып, аталган өзөктү жарым-жартылай жоготот. Ааламдашуунун бирден-бир олуттуу белгилеринен болуп маданияттарды тегиздөө процесси эсептелет, ал биринчи кезекте, алардын таасиринин салттуу зоналарынан жекени таратуу жана сиңирүү же чыгарып салуу жолу менен ишке ашырылат. Адамзаттын өнүгүүсүнүн заманбап этабы үчүн техникалык жактан өнүккөн мамлекеттер менен элдердин өндүрүштүк жана маданий ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болуп эсептелген массалык маданияттын таралуусу мүнөздүү. Улам тездик менен бара жаткан массалык маданият, материалдык-техникалык база азыркы мезгилде эң чоң агрессивдүүлүктү жана көпчүлүк учурларда башка маданияттардын кирүүсү жана ассимиляциялануу өнүтүндө кыйла агрессивдүүлүк жана эффективдүүлүк байкалып, өзүнүн келип чыгуусу жана маданиятынын мүнөзү боюнча этникалык болуп эсептелет. Кыргыз этникалык маданияты да бул өңүттө четте калган жок. Ал адегенде ага советтик мезгилде эле массалык мүнөз берүү тарабындагы олуттуу өзгөрүүлөрдү башынан кечирди. Кыргызстанда заманбап шаарлар курулду, алар салттуу кыргыз коомун, анын негиздерин жана мурунку мезгилдерде салыштырмалуу оолактаган мүнөздө болуу менен өзгөчө туруктуулукту тапкан жалпы эле маданиятты кыйла эффективдүү жана туруктуу түрдө кыйраткан материалдык маданий негиз жана каражат болуп калган.

Адамзаттын өзгөчө маалыматтык өнүгүүсү эстетикалык кабыл алуу, баа берүү, табит жана аны менен бирге өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо менен байланышкан көптөгөн маселелерди жаратты, алар олуттуу бир деңгээлде нукура маданий, руханий жана менталдык өзөктөн оолактоо менен идеологиялык жана эстетикалык аныксыздык абалында калды. Жаш-муундар турмуштук тажрыйбасынын жана калыптанган түшүнүктөрүнүн, көз караштарынын аздыгынын натыйжасында күнүмдүк жашоо-турмушта дайыма эле салттуулук менен дал келе бербеген сырттан танууланган эстетикалык көз караштарды, идеалдарды, табиттерди жана баалуулуктарды тандашат. Натыйжасында акыркылар улуттук маданияттан сүрүлүп чыгарылып, тарыхый процесстан оолактап калышат.

Элдердин ортосундагы бирдиктүү иш-аракеттердин негизинде материалдык-экономикалык зарылчылык, кызыкчылыктар менен максаттуулук жатат. Адамдар, элдер өзүнө олуттуу руханий чыгымдар менен коштолгон материалдык зыян келтирбестен эл аралык карым-катнаштардын системасынан чыга алышпайт.

Кийим өзүнө материалдык жана руханий башталыштарды камтып, утилитардыкты руханийлик менен айкалыштырган бирден-бир маданий жана руханий феномендерден болуп саналат жана ошол себептен биз изилдөөнүн бир предмети катары кийимди алып, анын мисалында эстетикалык түшүнүктөр, көз караштар, аң-сезим, табиттер ж.б.у.с. кантип жана эмнеге өзгөрүп жаткандыгын байкоого болот.

Жогоруда айтылгандардын баары диссертациялык изилдөөнүн тандалып алынган темасынын актуалдуулугун тастыктап, аны тандоону алдын ала аныктады.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максаттарына жана милдеттерине ылайык келиши.**

Азыркы мезгилге чейин Кыргызстанда өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо, ага мода менен кийимдин тийгизген таасири менен байланышкан маселелерге арналган комплекстүү философиялык изилдөөлөр аз. Аталган эмгек белгилүү бир деңгээлде аталган боштукту толуктап турат.

Илимий жаңылыкка андан тышкары коргоого чыгарылган кээ бир жоболорду, диссертацияда берилген корутундуларды кошууга болот:

- эстетикалык тарбиянын маңызы ачылып берилип, анын негизги категориялары аныкталды;

-эстетикалык тарбиянын негизги категориясы болуп саналган «эстетикалык табит» түшүнүгү талдоого алынды;

-өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоонун фактору болуп саналган кийим-кечек талдоого алынды;

-заманбап ааламдашуу процессинин шарттарындагы эстетикалык маданияттын калыптануусунун өзгөчөлүктөрү изилденди;

-эстетикалык тарбиялоодогу кыргыз салттуу кийиминин ролу аныкталды;

- массалык маданият доорундагы кыргыз улуттук кийиминин эволюциясы, эстетикалык түшүнүктөрүнүн жана табитинин өзгөчөлүктөрү иликтенди.

Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттагы маалыматтарды сындап талдоо жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу: өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо, ага мода менен кийимдин тийгизген таасири менен эстетикалык табиттин калыптандырууда алгачкы эмгектер болуп саналат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу деп корутундулоого болот. Ааламдашуу шартында өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык табиттин калыптандырууда, ага мода менен кийимдин тийгизген таасири менен байланышкан маселелердин маңызын анализдөөдө маанилүү.

**3. <u>Илимий натыйжалар.</u>**

**3.1. Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюулуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы.**

Автор изилдөөсүнүн негизинде жасалган жыйынтыктар илимий жактан маанилүү болуп эсептелет.

Илимий иште философия илиминин өнүгүүсү үчүн олуттуу мааниге ээ төмөндөгүдөй жаңы жалпыланган илимий-теоретикалык жыйынтыктар берилген.

***1–жыйынтык.*** Айтарлык деңгелде жаңы, анткени эстетикалык тарбиялоо инсандын руханий маданиятын калыптандыруунун негизи катары болуу менен тажрыйбада татаал жана көп кырдуу көрүнүш болуп саналат. Анын бир катар мүнөздүү белгилери бар: ал ишмердүү, адамдын жашоо турмушунун бардык чөйрөлөрүн камтып турат. Ал адамдын мүнөзүн аныктап, андагы сезимдик жана интеллектуалдык башталыштардын өнүгүүсүнө, өзгөчө анын жашоосунун баштапкы этабында искусствонун, табияттын, адамзат карым-катнаштарынын жана курчап турган турмуштук мейкиндигинин каражаттары менен багытталган кубулушу иретинде философиялык көз караштан изилдөөгө муктаж. Ааламдашуу шартында эстетикалык тарбиянын жаш муундарга тийгизген маселелерди чечүү актуалдуу мүнөзгө ээ. Эстетикалык тарбиянын кадыр-баркынын төмөндөшү, жаш муундардын эстетикалык аспект берилбеш ыктымалынын кеңири жайылышы тенденциялардын начарлашына алып келип, этикалык деформацияларга жол ачат.

***2–жыйынтык.*** Жарым-жартылай жаңы, анткени ар бир маданий-тарыхый доор эстетикалык табитти жана эстетикалык аң-сезимдин структурасындагы эстетикалык жөндөмдүүлүктөрдү өз алдынча чечмелеп, түшүндүрөт. Ар бир маданий мезгилде эстетикалыктын ар кыл модификацияларына болгон ыкмалар, баа берүүлөр берилгендигине карабастан адамда эстетикалык тандоо жана эстетикалык тандоолорду билдирүү сыяктуу эстетикалык табиттин калыптануу маселелеринин актуалдашуу деңгээли берилген, анткени жүрүм-турумдун социалдык-жоопкерчиликтүү өбөлгөлөрүн калыптандыруу зарылдыгы пайда болууда.

***3–жыйынтык.*** Жаңы, анткени азыркы кийимдин, ошондой эле эстетикалык тарбияга тийиштиги бар бардык эстетикалык касиеттери, анын ичинде табитти тарбиялоо моданын татаал жана көп кырдуу механизми аркылуу жүзөгө ашырылып, көптөгөн дисциплиналардын, анын ичинде философиянын, маданият таануунун, психологиянын, искусство таануунун, семиотиканын, экономиканын жана социологиянын изилдөөлөрүнүн предмети болуп саналат. Социологдор үчүн мода жаңы социомаданий формаларды киргизүүнүн каражаты болуп эсептелет. Семиотиктер үчүн ал бирден-бир белгилик системалар катары кызмат кылат. Маданият таануучулар мода деп маданияттын үлгүлөрүнүн мезгилдик алмашуусун түшүнүшөт. Искусство таануучулар моданы эстетикалык идеал катары карашат. Экономистердин пикиринде – бул белгилүү бир продуктыны өндүрүү жана жүзөгө ашыруу менен байланышкан жаңылануунга болгон умтулуу. Психологдордун көз карашында мода – бул окшоштуруу жана таасир берүү. Модага болгон жогорудагы көз караштар кандайдыр-бир деңгээлде, түзбү же кыйыр түрүндөбү өсүп келе жаткан муундардын тарбиясына, анын ичинде эстетикалык тарбиясына тиешеси бар жана жакшыртууга жол ачат.

***4–жыйынтык.*** Жаны, анткени кийимдин адамдардын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна болгон таасири менен байланышкан эстетикалык тарбия олуттуу бир ченемде батыш эстетикалык табитинин, стилинин жана маданиятынын алкагында болот. Ошондуктан биздин изилдөөбүз үчүн европалык кийим кантип жана кандайча башка элдердин, анын ичинде кыргыздардын маданий өзөгүндө орноп калгандыгын, бир эле азиялык цивилизацияга таандык эмес экендигин, өзүнүн тарыхынын олуттуу бөлүгүндө көчмөн жашоо шарттарында болгондугун, бардык отурукташкан цивилизациянын, анын ичинде европалык жашоо образынан олуттуу түрдө айырмаланып турарын тактоо абдан чоң мааниге ээ.

***5–жыйынтык.*** Жаңы, анткени азыркы кыргыз моделдери кийимдин дизайнында салттуу материалдарды жана тигүү ыкмаларын, салттуу түстүк гамманы ж.б. активдүү колдонушуп, салттуу ыкмаларды азыркы тигүү

технологиялары менен активдүү айкалыштырышууда. Азыркы улуттук кыргыз кийими эклектикалуу же башкача айтканда, анда салттуу кийимдин элементтери башка маданияттын стилдик белгилери менен айкалышып турушат. Ушуга байланыштуу белгилей кетүүчү нерсе, өсүп келе жаткан муундарды заманбап эстетикалык тарбиялоо да эклектикалык мүнөзгө ээ, анда башка маданияттардын элементтери басымдуулук кылып, жалпы дүйнөлүк тенденцияларды чагылдырып турат жана калыптандыруунун натыйжалуу жолдору изилденүүдө.

***6–жыйынтык.*** Жаны жана негиздүү, анткени азыркы учурдагы жаш муундардын эстетикалык табиттин калыптандыруунун жоопкерчилигинин философиялык аспектилери талданууда. Азыркы мезгилге чейин Кыргызстанда өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо, ага мода менен кийимдин тийгизген таасири менен байланышкан маселелерге арналган комплекстүү философиялык изилдөөлөр аз. Аталган эмгек белгилүү бир деңгээлде аталган боштукту толуктап турат жана эстетикалык табиттин эволюциялык өнүгүүсүндө келип чыккан моделдер талданган.

**3.2. Диссертациядагы чыгарылган ар бир жыйынтыктарынын (жобонун, натыйжаларынын, корутундунун) негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Диссертациядагы чыгарылган корутундулар, жобо жана жыйынтыктар илимий-концептуалдуу негизде аргументтүү ой-пикирлер менен берилген. Изилденүүгө алынган маселенин актуалдуулугу, өзүнүн көп кырдуулугуна байланыштуу башка илимдердин алкагында изилденип чыгарылган тыянактарга да таянууга түрткү болгон.

**1 – жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени эстетикалык маданияттын бардык компоненттери бири-бири менен тыгыз байланышта болгондуктан, эстетикалык маданияттын калыптанышы бир бүтүн процесс болуп саналат, анын жүрүшүндө инсандын жана коомдун эстетикалык маданияты калыптанат. Инсандын эстетикалык маданияты төмөнкүчө чагылдырылат: эстетикалык билимдин болушунда; сезимдик-баалуулук эстетикалык аң-сезимди жана анын сулуулук менен кемчилдиксиз, комедиялык, трагедиялык, көрксүздүк ж.б. сапаттарын чагылдырган формаларын өнүктүрүүдө; эстетикалык жана көркөм баалуулуктардын ар түрдүүлүгүнө багыттоого мүмкүндүк берген жана адамдын каалоолорун жана мамилесин билдирген эстетикалык мамилелердин жеке өнүккөн системасында; эстетикалык кубулуштун формасын жана мазмунун туюмдук же аң-сезимдүү талдоо жана өзүнүн эстетикалык көз карашын объективдүү жана субъективдүү мотивациялоого, өзүнө баа берүүгө болгон даярдыгында; адамдын иш-аракетинин бардык түрлөрүндө реалдуулуктун чыгармачылык аналогдору

катары аракеттенүүчү эстетикалык жана көркөм образдардын айкалышуусуна, өз ара которууларына негизделген чыгармачылык процесс катары образдуу ой жүгүртүүнү өнүктүрүүдө; эстетикалык таасирлерди чагылдырууда, тандоодо, баалоодо жана чыгармачылык менен чагылууда, айланадагы адамдар менен руханий жактан маанилүү эстетикалык байланышта жана эң негизгиси коомдук чыгармачылыктын ар кандай формаларында ишке ашкан эстетикалык ишмердүүлүктө; эстетикалык баалуулуктарды руханий жактан керектөө жөндөмүндө ж.б. байкалат.

**2 – жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени эстетикалык табит эстетикалык идеал, эстетикалык кабыл алуу, эстетикалык муктаждыктар, эстетика менен диалектикалык биримдикте турат. Эстетикалык табитти биротоло берилген, өзгөрүлгүс нерсе катары элестетүү мүмкүн эмес, демек эстетикалык табит узак убакыт аралыгында ишке ашуучу процесс. Эгерде эстетикалык табит жакшы көркөм табитти калыптандыруу үчүн зарыл негиз болсо, өз кезегинде адамдын бүткүл өмүрүнө созулган эстетикалык табитти ушундай калыптандыруу процессинин өзү адамдын эстетикалык аң-сезимине тескери таасирин тийгизет, аны байытат. Эстетикалык аң-сезимдин жана эстетикалык табиттин категорияларынын ортосундагы дидактикалык байланыш мына ушундай. Эстетикалык табит деп эстетикалык аң-сезимдин бардык категорияларынын өнүгүүсүнүн узакка созулган, системалуу, максаттуу процессинин процесси катары түшүнүү керек, бул окуу-тарбия процессинде инсандын өнүгүшүнө шарт түзүү катары маселелер каралган.

**3 – жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени мода, өзгөчө өзүнүн заманбап формасы жана шарты боюнча, эки ачакей, бир топ карама-каршы социалдык-психологиялык, эстетикалык жана маданий көрүнүш болуп саналат. Кийим-кече, азыркы учурда адам ишмердүүлүгүнүн багыттарынын бири болуп саналып, тамак-аш сыяктуу кирешенин жогорку деңгээли менен мүнөздөлгөн товарлардын жана керектөөлөрдүн формаларынын бири, аларды канааттандыруу, бир жагынан, турмуштук зарылчылык, ал эми экинчи жагынан, эстетикалык жактан эң көп талап кылынгандардын бири. Моданы, анын өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөөнүн зарылчылыгы экономика менен гана эмес, жаңы адамды тарбиялоонун социалдык көйгөйлөрү менен да байланыштуу. Мода – бул массалык жүрүм-турумдун формасы гана эмес, адамдар бири-бирине тигил же бул таасир калтырууга аракет кылганда, конкреттүү инсандардын ортосундагы мамилелердин, адамдардын ортосундагы байланыштын бир түрү болуп саналат. Бул мамилелер эң оболу кыйыр формадагы социалдык-психологиялык себептерден улам келип чыгат, көбүнчө жаап-жашырылган жана бул себептердин ачылышы моданын маңызын ачуу

болот. Адамдардын ортосундагы массалык стандартташтырылган мамилелердин формасы катары түшүнүлгөн мода, баарлашуунун бир түрү катары, анын маңызын түшүнүүгө жакындатат.

Салттуу жана заманбап моделдердеги этикалык принциптердин өзгөчөлүгү салыштырылып, талданган.

**4 – жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени XXI кылымдын башындагы ааламдашуу эки карама-каршы тенденциянын өз ара аракети катары көрүнөт, анын биринчиси маданий универсализм, этникалык өзгөчөлүктү теңдөө жана коомду бир тектүү социалдык-маданий субъектке айландыруу процесси менен шартталып, жеке адамдардын, адамдардын топторунун, катмарларынын этностук өзгөчөлүктү локалдаштыруу каалоосу менен байланышкан, маданий өзгөчөлүктү жана аймактык өзгөчөлүктөргө басым жасайт. Бул эки тенденциянын жанаша жашоосу жана өз ара аракеттенүүсү, күрөшү адамзаттын ааламдашуучулук маданиятынын бирдиктүү мейкиндик катары калыптанышына алып келет. Анын чегинде ар кандай улуттук компоненттер бири-бирине жолугуп, бири-бирине таасир этет.

**5 – жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени кыргыздын улуттук кийиминин түптөлүшүнө жана азыркы абалына узак тарыхый мезгилдеги факторлордун бүтүндөй комплекси таасир эткен жана таасирин тийгизип жатат, алардын ичинен эң негизгилери: жаратылыш-климаттык шарттар; кийимдин пайдалуу максаты; өндүрүш каражаттарын өнүктүрүү даражасы; кийим тигүү ыкмасы; кийим өндүрүү процессинде колдонулуучу аспаптардын жана материалдардын мүнөзү; салттуу эстетикалык идеялар жана канондор; кийимдин ырым-жырымдык-диний, аземдик функциялары; кийим өндүрүү багытталган керектөөчүнүн социалдык-экономикалык абалы; саясий чөйрө жана кырдаал; башка маданияттардын таасирине дуушар болуу даражасы жана мүнөзү. Бул факторлордун акыркысы азыркы ааламдашуу доорунда бир топ эле көбөйбөстөн, өзгөчө жаш муундардын эстетикалык табитин жана кийим стилине артыкчылыктарды калыптандыруу жагынан чечүүчү мааниге ээ болуп калгандыгын көрсөткөн.

**6 – жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени азыркы мезгилге чейин Кыргызстанда өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо, ага мода менен кийимдин тийгизген таасири менен байланышкан маселелерге арналган комплекстүү философиялык изилдөөлөр аз экендиги талданган. Изилденген эмгек белгилүү бир деңгээлде аталган боштукту толуктап турат.

**3.3. Теориялык жана колдонмо багыттагы маселелерди чечүүдө изилдөөдөн алынган натыйжалардын наркы.**

Диссертациялык иш бир нече жаңы илимий жаңылыктарды жана жоболорду камтып турат. Бул изденүүчүнүн философия илимине кошкон салымы катары белгилөөгө болот. Диссертациялык иштеги алынган илимий жыйынтыктар бири-бири менен байланыштуу практикалык сунуштар такталган, теоретикалык жоболор ишенимдүү калыпка салынган.

***1–жыйынтык.*** Теориялык жактан айтарлык деңгээлде жаңы, анткени эстетикалык тарбиялоо инсандын руханий маданиятын калыптандыруунун негизи катары болуу менен тажрыйбада татаал жана көп кырдуу көрүнүш болуп саналат. Эстетикалык тарбиянын кадыр-баркынын төмөндөшү, жаш муундардын эстетикалык аспект берилбеш ыктымалынын кеңири жайылышы тенденциялардын начарлашына алып келип, этикалык деформацияларга жол ачат.

***2–жыйынтык.*** Теориялык жактан жарым-жартылай жаңы, анткени ар бир маданий-тарыхый доор эстетикалык табитти жана эстетикалык аң-сезимдин структурасындагы эстетикалык жөндөмдүүлүктөрдү өз алдынча чечмелеп, түшүндүрөт. Ар бир маданий мезгилде эстетикалыктын ар кыл модификацияларына болгон ыкмалар, баа берүүлөр берилгендигине карабастан адамда эстетикалык тандоо жана эстетикалык тандоолорду билдирүү сыяктуу эстетикалык табиттин калыптануу маселелеринин актуалдашуу деңгээли берилген, анткени жүрүм-турумдун социалдык-жоопкерчиликтүү өбөлгөлөрүн калыптандыруу зарылдыгы пайда болууда.

***3–жыйынтык.*** Теориялык жактан жаңы, анткени азыркы кийимдин, ошондой эле эстетикалык тарбияга тийиштиги бар бардык эстетикалык касиеттери, анын ичинде табитти тарбиялоо моданын татаал жана көп кырдуу механизми аркылуу жүзөгө ашырылып, көптөгөн дисциплиналардын, анын ичинде философиянын, маданият таануунун, психологиянын, искусство таануунун, семиотиканын, экономиканын жана социологиянын изилдөөлөрүнүн предмети болуп саналат. Модага болгон жогорудагы көз караштар кандайдыр-бир деңгээлде, түзбү же кыйыр түрүндөбү өсүп келе жаткан муундардын тарбиясына, анын ичинде эстетикалык тарбиясына тиешеси бар жана жакшыртууга жол ачат.

***4–жыйынтык.*** Теориялык жактан жаңы, анткени кийимдин адамдардын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна болгон таасири менен байланышкан эстетикалык тарбия олуттуу бир ченемде батыш эстетикалык табитинин, стилинин жана маданиятынын алкагында болот. Ошондуктан биздин изилдөөбүз үчүн европалык кийим кантип жана кандайча башка элдердин, анын ичинде кыргыздардын маданий өзөгүндө орноп калгандыгын, бир эле

азиялык цивилизацияга таандык эмес экендигин, өзүнүн тарыхынын олуттуу бөлүгүндө көчмөн жашоо шарттарында болгондугун, бардык отурукташкан цивилизациянын, анын ичинде европалык жашоо образынан олуттуу түрдө айырмаланып турарын тактоо абдан чоң мааниге ээ.

***5–жыйынтык.*** Теориялык жактан жаңы, анткени азыркы кыргыз моделдери кийимдин дизайнында салттуу материалдарды жана тигүү ыкмаларын, салттуу түстүк гамманы ж.б. активдүү колдонушуп, салттуу ыкмаларды азыркы тигүү технологиялары менен активдүү айкалыштырышууда. Азыркы улуттук кыргыз кийими эклектикалуу же башкача айтканда, анда салттуу кийимдин элементтери башка маданияттын стилдик белгилери менен айкалышып турушат. Ушуга байланыштуу белгилей кетүүчү нерсе, өсүп келе жаткан муундарды заманбап эстетикалык тарбиялоо да эклектикалык мүнөзгө ээ, анда башка маданияттардын элементтери басымдуулук кылып, жалпы дүйнөлүк тенденцияларды чагылдырып турат жана калыптандыруунун натыйжалуу жолдору изилденүүдө.

***6–жыйынтык.*** Теориялык жактан жаңы жана негиздүү, анткени азыркы учурдагы жаш муундардын эстетикалык табиттин калыптандыруунун жоопкерчилигинин философиялык аспектилери талданууда. Азыркы мезгилге чейин Кыргызстанда өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо, ага мода менен кийимдин тийгизген таасири менен байланышкан маселелерге арналган комплекстүү философиялык изилдөөлөр аз. Аталган эмгек белгилүү бир деңгээлде аталган боштукту толуктап турат жана эстетикалык табиттин эволюциялык өнүгүүсүндө келип чыккан моделдер талданган.

**3.4. Квалификациялык белгилерге дал келиши.**

1. Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү.

- Илим чөйрөсүнө жана темасына жараша өлкөнүн экономикасы үчүн олуттуу мааниге ээ илимий жактан жаңы негизделген техникалык, экономикалык же технологиялык иштеп чыгууларды түшүндүрүү.

2. Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңычылык деңгээли.

- Жыйынтыктар жаңы деп эсептелет.

3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу.

- Жогору.

4. Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы.

-Тема тармактык программага, илимдер академиясынын тематикалык программасына кирет.

5. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли.

- Тармактын масштабында.

6. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар.
- Кеңири пайдалануу талап кылынат.

**4. <u>Алынган натыйжалардын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү.</u>**

Изилдөөнүн теориялык маанилүүлүгү ааламдашуу шартында өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо жана мода менен кийим сыяктуу социалдык-тарыхый жана маданий феномендер менен байланышкан маселелер туурасындагы социалдык-философиялык билимдерди кеңейтүүдө жана тереңдетүүдө турат. Изилдөөдө алынган натыйжалар, жалпыланган социалдык-философиялык концепциялар ааламдашуу процессинин, Кыргызстан эле эмес, башка чет өлкөлөрдөгү улуттук кийимди трансформациялоо шарттарындагы эстетикалык тарбиялоо маселелерин талдоодо колдонулат.

5. **<u>Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана корутундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы.</u>**

Иштин негизги жыйынтыктары жана теориялык жоболору илимий журналдарда 22 макалада жарыяланды. Анын ичинен 8 макала чет өлкөдө, 12 макала (РИНЦ) жана 2 макала (Scopus) эл аралык илимий журналдарында жарык көрдү.

6. **<u>Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.</u>**

1. Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмеси бар.

**7. <u>Диссертациядагы учураган айрым мүчүлүштөр.</u>**

1. Жаш муундун курактык категориясы улуттук эстетикалык аң-сезимди жана табитти калыптандырууда, анын ичинде мода жана кийимде маанилүү мааниге ээ. Бул изилдөөдө жаштар түшүнүгү маданий түшүнүктөр системасында кенен жана масштабдуу маанисин билдирет, анткени, балким, кененирээк жаш муундун курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу эстетикалык даамын өзгөртүү проблемаларын карап чыгуу керек.

2. Бирок, диссертациянын илимий баалуулугун жана маанисин төмөндөтпөгөн бир катар техникалык жана стилистикалык кемчиликтер бар

**8. <u>Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизделиши.</u>**

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекттик университетинин философия жана политология кафедрасы. Кафедрада белгилүү илимпоздор: тарых илимдеринин

кандидаты, кафедра башчысы ф.и.д., проф. Исаков К., ф.и.д., проф. Шарипова Э.К., ф.и.д., проф. Курганбаев К.А. ж.б. иштешет.

**Биринчи расмий оппонент:**

**Бекбоев А.А. –** философия илимдеринин доктору, профессор;

**Сатыбалдиева Рахат** - философия илимдеринин кандидаты, доцент.

9. **Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келиши.**

Диссертациялык изилдөө азыркы мезгилге чейин Кыргызстанда өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо, ага мода менен кийимдин тийгизген таасири менен байланышкан маселелерге арналган комплекстүү философиялык изилдөөлөр аз. Аталган эмгек белгилүү бир деңгээлде аталган боштукту толуктап турат жана дал келет.

10. **Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы Философия институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д.09.22.657 диссертациялык кеңешине 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Ааламдашуу шартындагы жаш муундардын эстетикалык табитин калыптандыруу маселери” деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**философия илимдеринин доктору,**
**профессор** **М.С.Алымкулов**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм:**
**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**философия илимдеринин кандидаты,**
**доцент** 2.02.24 **З. А. Алымкулов**

Диссертациялык Кеңеш